5. Үкүбаева Л. Чыңгыз Айтматовдун каармандарынын көркөм дүйнөсү: адабий макалалар. — 2-бас. — Бишкек: Турар, 2008.
6. Сыдыков Н. Айтматовдун пейзаждык сүрөттөөсү // Ленинчил жаш. — 1985. — 25-июнь.
7. Айтматов Ч. Необходимые уточнения // Литературная газета. — 1970. — 29 июля.

Рецензент: филология илимдеринин кандидаты, доцент Сарыков С.Т.

УДК:37.372.8.
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-112-115

Жумаев Н.Ж.
Ош мамлекеттик университети
Жумаев Н. Ж.
Ошский государственный университет
Zhumaev N. Zh.
Osh State University

ORCID 0009-0007-4378-1723

КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ЛЕКСИКАСЫН ОКУТУУ ТАРЫХЫНАН
ИЗ ИСТОРИИ ПРЕПОДАВАНИЯ ЛЕКСИКИ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА
FROM THE HISTORY OF TEACHING KYRGYZ LANGUAGE VOCABULARY

Кыскача мүнөздөмө: Бул макалада кыргыз тилинин бөлүмдөрүнүн ичинен лексиканы окутуунун тарыхына жалпы сереп берилет. Анда лексиканын изилдениши тууралуу кыскача сөз болуп, андан ары аны окутууга арналган илимий-методикалык эмгектерге сарасеп салынат. Лексикалык материалдардын окуу программаларында орун алышы жана алардын мазмуну тууралуу да сөз болот. Тилдин аталган бөлүмүн окутуу боюнча методист-окумуштуулардын эмгектерине сереп берилет.

Аннотация: В данной статье представлен общий обзор истории преподавания лексики в методике кыргызского языка. Кратко рассматриваются вопросы изучения лексики, а также анализируются научно-методические труды, посвящённые её преподаванию. Рассматриваются вопросы включения лексического материала в учебные программы и его содержания. Представлен обзор трудов учёных-методистов, посвящённых преподаванию данного раздела языка.

Abstract: This article provides a general overview of the history of teaching vocabulary in Kyrgyz language methodology. It briefly discusses the study of vocabulary and analyzes scientific and methodological works devoted to its teaching. The inclusion of lexical material in curricula and its content are also considered. The works of scholars and methodologists devoted to teaching this section of the language are reviewed.

Негизги сөздөр: лексика; окутуу; изилдөө; методист-окумуштуулар; илимий-методикалык адабияттар; окуу программалары; окуу китептери.

Ключевые слова: лексика; преподавание; исследование; учёные-методисты; научно-методическая литература; учебные программы; учебники.

Keywords: vocabulary; teaching; research; methodologists; scientific and methodological literature; curricula; textbooks.

Киришүү. Кыргыз тилинин бөлүмдөрүн илимий-теориялык жактан изилдөө иши өткөн кылымдын 1930-жылдарында эле башталгандыгы баарыбызга белгилүү. Айрыкча кыргыз тилинин фонетика, морфология жана синтаксис бөлүмдөрү тилчи-окумуштуулар тарабынан ар тараптуу

иликтөөгө алынган. Бирок бул мезгилде лексика бөлүмү теориялык жактан али толук изилдене элек болчу. Ошого байланыштуу болсо керек, кыргыз тилинин бөлүмдөрүнүн ичинен лексика бөлүмүн окутуу боюнча да бул учурда жарытылуу сөз козголо элек эле. Кыргыз тилинин лексикасын окутууга 1970-жылдан кийин гана методист-окумуштуулар тарабынан көңүл бурула баштаган. Себеби кыргыз тилин окутуу методикасы көбүрөөк орус тилин окутуу методикасына байланыштуу болгондуктан, орус тилинин лексикасын окутуу методикасы боюнча изилдөөлөр да кеч башталгандыгы белгиленет.

Кыргыз тилинин лексикасын илимий-теориялык жактан изилдеп, ал боюнча эмгектерди жараткан окумуштуулар катары Т. Акматов, Ж. Мукамбаев, Ж. Мамытов, А. Сапарбаев, Э. Абдулдаев, Д. Исаев, Ш. Жапаров, А. Биялиев, Б. Усубалиев жана башкаларды көрсөтүүгө болот.

Изилдөө натыйжалары. Кыргыз тилинин лексикасынын илимий-методикалык жагына алгач профессор К. Сартбаев “Кыргыз тилин окутуунун методикасы” (1978) деген эмгегинде кайрылып, лексиканы окутуу боюнча жалпы сөз кылган, синонимдерди окутуу жана сөздүктөр менен иштөөнүн методикалык маселелерине токтолгон.

Ал эми лексиканы окутуу методикасы боюнча өз алдынча иштелген алгачкы жана негизги эмгек катары профессор А. Осмонкуловдун “Орто мектептерде 4-класста лексиканы окутуу методикасы” аттуу колдонмосун атоого болот. Анда автор лексиканы окутуунун бөтөнчөлүктөрүн, окуу программасында берилиш тарыхын, азыркы 5-класста өтүлө турган лексикалык материалдарды окутуу маселелерин, принциптерин, жол-жоболорун талдап, окуу программасында орун алган айрым кемчиликтерге да токтолгон. Колдонмонун илимий-методикалык базасын кыргыз лексикологдорунун жана орус методист-окумуштууларынын эмгектерине таянуу аркылуу түзгөн. Автор лексика бөлүмүндөгү сөздөрдүн тике жана өтмө маанилери, көп маанилүүлүгү, синонимдик, омонимдик жана антонимдик маанилери боюнча окутуу ыкмаларын сунуштаган. Ошол эле сабактарды өтүүдө окутуунун дидактикалык каражаттарын, тийиштүү көрсөтмө куралдарды колдонуу, сөздүк жумуштарын аткаруу сыяктуу методикалык маселелерди караган.

1993-жылы методист-окумуштуу В. Мусаева “Мектепте лексиканы окутуу” деген эмгегин жарыкка чыгарган. Бул эмгектин мазмуну 6–10-класстардагы лексикалык материалдарды окутууга арналган. Колдонмодо лексикалык катмарларды жана омонимдерди окутуу ыкмаларынын практикалык жагына токтолуп, тажрыйбалуу мугалимдердин окутуу ыкмаларынан фактылар келтирилген. Анткен менен лексиканы окутуу боюнча дагы иликтөөгө ала турган маселелер бул эки колдонмодо толук камтылган эмес.

Окумуштуу З. Тагаева да бул маселеден четте калбастан, 2005-жылы өзүнүн “Мектеп курсунда лексиканы окутуу” деп аталган эмгегин жарыкка чыгарган. Бул эмгек жогорудагы эмгектерден лексиканы окутууга кеңири изилдөө жүргүзгөндүгү менен айырмаланып турат. Эмгекте лексиканы окутуу методикасынын изилдениши, анын максат-милдеттери, мектеп программасында берилиши, айрым методикалык маселелери, лексиканы окутуу каражаттары, окутуунун жаңы технологиясын пайдалануу, предмет аралык байланышты түзүү, лексикалык талдоо ыкмалары, сөздүктөр менен иштөө ыкмалары, лексикалык көнүгүүлөр менен иштөө жана лексиканы тереңдетип окутуу сыяктуу маселелер камтылган. Аталган окуу куралы мурдагы эмгектерге караганда лексиканы окутуу методикасындагы маселелерди ар тараптан изилдегендиги менен айырмаланып турат.

Дегеле, кыргыз тилинин лексикасын окутууну жалпы иликтөөгө албаса да, анын айрым материалдарын окутуу маселелерине Б. Усубалиев “Антонимдер, аларды окутуу” деген эмгегинде кайрылып кеткен [6]. Бул эмгекте автор антонимдердин илимий-теориялык маселелерине көбүрөөк көңүл бурганын байкоого болот. Мындан сырткары, лексикалык материалдарды окутууга Р. Эгембердиев “XI класстарда фразеологизмдерди окутуу” [7], Б. Сарымсакова “Кыргыз мектептеринин 5-классында лексиканы окутуу методикасы” [8], деген методикалык эмгектеринде токтолуп өтүшкөн.

Кыргыз тил илиминин лексика бөлүмү кийинчерээк изилденгенине байланыштуу анын материалдары мектеп программасына 1950-жылдардан тарта киргизиле баштаган. 1952-жылы А. Жапаров, В. Шнейдман, Н. Кангелдиев, Д. Исаевдер тарабынан 5–7-класстар үчүн кыргыз тили жана адабиятынын программасы жаңыртылып иштелип чыккан. Ошол мезгилде эле окуучулар

грамматикалык эрежелерди билүү менен гана чектелбестен, аны практика жүзүндө пайдалана билүүгө жетишүү үчүн кандай көнүгүү, бышыктоо жумуштарын аткарышы керектиги, өзгөчө идеялык мазмуну жана көркөмдүгү жагынан артыкчылыгы бар, стили мыкты болгон фольклордук чыгармалардан, орус классиктеринин котормолорунан, советтик адабияттын мыкты үлгүлөрүнөн пайдалануу жагы баса белгиленген. Программада кыргыз тилинин лексикасын окутуу жөнүндө биринчи жолу сөз болуп, эне тилинин улам жаңы сөздөр менен толукталышын, революциядан кийинки коомдук турмуштун өнүгүшүнө жана социалисттик маданияттын гүлдөшүнө байланыштуу айрым сөздөрдүн мааниси кеңейгендигин окуучуларга түшүндүрүү, айтылышы ар башка болгону менен мааниси бирдей же айтылышы бирдей болгону менен мааниси ар башка сөздөрдү, ошондой эле мааниси жагынан түшүнүксүз болгон сөздөрдү окуучулардын дептерине жаздырып жүрүү жагы көрсөтүлгөн.

Ал эми окумуштуу-методист К. Сартбаев 1958-жылы түзүлгөн программалар боюнча “Мугалимдер газетасында” сөз кылып, айрым грамматикалык материалдар туура эмес бөлүштүрүлүп калганын, 9–10-класстарда лексика, фразеология, стилистика боюнча тиешелүү маалымат берүү зарыл экендигин белгилеген. Ушул пикирди эске алуу менен 1959-жылы А. Идрисов тарабынан түзүлгөн программада грамматикалык материалдар системалуу, туура жайгаштырылып, окуучулардын оозеки жана жазуу кебин өстүрүүгө байланышкан жумуштарды, темаларды камтуу менен түзүлгөн.

Лексикалык материалдардын мектеп программасы үчүн зарыл экендиги белгиленсе да, 1970-жылдардан тартып мектеп программасына туруктуу киргизилип, алгачкы жолу 5-класста 8 сааттык окуу жүктөмү берилип, сөз жана анын составы, лексикалык маани, сөздүн көп маанилүүлүгү, тике жана өтмө маани, омоним, синоним, антоним сыяктуу лексикалык материалдар киргизилген.

Ал эми 1950-жылга чейин чыккан окуу китептеринде лексикалык материалдар камтылбагандыгы менен айырмаланып турган. Бирок педагогикалык окуу жайлар үчүн түзүлгөн окуу китептеринде лексикологиялык материалдар аз-аздан киргизиле баштаган. Мектептин окуу китептери тексттер жана оозеки, жазуу кепти өнүктүрүүгө байланышкан көнүгүүлөр менен толуктала баштагандыгын байкоого болот.

Кыргыз тилинин программасында лексикалык материалдар бара-бара улам толукталып, кошумчаланып берилип отуруп, бүгүнкү күндө окуучулар лексиканын дээрлик толук теориялык жана практикалык фактылары боюнча билим алып жаткандыгын белгилөөгө болот. Азыркы күндө мектепте лексиканы окутуу иши өзүнүн ордун таап, тилдин башка бөлүмдөрү сыяктуу методикалык жактан жаңыланып, толукталып турган чагы. Окумуштуу З. Тагаева мектепте лексиканы окутуу курсун 3 этапка бөлүп карайт:

- 5–6-класстарда системалуу курс катары окутулат;

- 7–9-класстарда атайын тема менен сабак өтүлбөсө да, грамматиканын башка бөлүмдөрү менен байланыштырылып билим берилет;

- 10–11-класстарда лексиканын айрым темалары боюнча тереңдетилип, кеңейтилип билим берилет [4, 12-б.].

1990-жылдарга чейин жарык көргөн окуу программаларында лексикалык материалдар кыргыз тилин тереңдетип окуп-үйрөнүү максатында факультативдик сабактардын тизмегине киргизилген. Анда омоним, синоним, антонимдердин түрлөрү, фразеологизмдердин макал-лакаптарга ж.б. тил бирдиктерине окшоштугу жана айырмачылыгы сыяктуу темалар киргизилген.

2000-жылы академик Б. Орузбаеванын жетекчилиги менен түзүлгөн альтернативдүү окуу программасында лексикалык материалдар өтө кыскартылып, бардыгы болуп 31 саат гана берилген.

2004-жылы жарык көргөн окуу программасында болсо лексикалык материалдар кайрадан толуктоолор жана өзгөртүүлөр менен берилип, 5-класста 12 сааттык, 6-класста 14 сааттык, 10–11-класстарда 32 сааттык көлөмдө окутулуп-үйрөтүлө баштаган. Жалпысынан лексикалык материалдарга бөлүнгөн сааттын көлөмү 70 саатты түзгөн. Бул программа мурунку программалардан материалдардын удаалаш жайгаштырылышы, лексикалык түшүнүктөрдүн логикалуу байланышта түзүлүшү менен айырмаланган.

Мына ошентип, окуу программаларында лексиканын материалдары улам толукталып, көбөйүп отуруп, 60 сааттан ашык убакытта окутулуп-үйрөтүлүп жатат. Акыркы 2012-жылы жарык көргөн окуу программасында да лексикалык материалдар төмөндөгүдөй бөлүнгөнүн белгилеп өтүүгө болот: 5-класста — 11 саат; 6-класста — 19 саат; 7-класста — 2 саат; 10-класста — 18 саат; 11-класста — 14 саат.

Ал эми 2018-жылы жарык көргөн окуу программасында лексика бөлүмү боюнча бөлүштүрүлгөн сааттардын жалпы саны төмөндөгүдөй көрсөтүлгөн [1, 36-б.]:

Таблица 1. Мектеп программасында лексика бөлүмүнө бөлүнгөн окуу сааттары

Класстар	**Бөлүнгөн сааты**
5-класс	11 саат
6-класс	19 саат
7-класс	1-2 саат
10-класс	18 саат
11-класс	14 саат
	Жалпы: 64 саат

Корутунду. Жогоруда лексиканы окутуу боюнча жарык көргөн эмгектерге жана окуу программаларынын мазмунуна жүргүзүлгөн талдоонун негизинде лексиканы орто мектепте окутуунун зарылдыгын, бүгүнкү ааламдашуу доорунда кыргыз тилинин лексикасын окуучуларга таанытуу жана үйрөтүү актуалдуу маселелердин бири экендигин белгилөөгө болот. Лексика сөз жөнүндөгү илим болуп эсептелгендиктен, пикир алышуунун негизги каражаты катары сөз окуучулардын тилдик жана кептик компетенттүүлүгүн калыптандырууда маанилүү тилдик бирдик болуп саналат. Бул тууралуу В. Мусаева өз эмгегинде төмөндөгүдөй белгилейт: “Лексика дегенде бүтүндөй кыргыз тилинин сөз байлыгы, сөздүк кору, сөздүк составы, атап айтканда, макал-лакаптардан тартып, “Манаска” чейинки “кыргыз рухунун туу чокусун” жаратууга кудурети жеткен тилдик казынасы, көркөм сөз берметтери көз алдыбызга тартылат. Буларсыз кыргыз лексикасын элестете албайбыз. Мына ушундай тилибиздин кенчтерин балдарга туюндура билүүдө мектеп грамматикасында лексика бөлүмүнүн өзүнчө ээлеген орду бар” [2, 46-б.].

Жогорудагы пикирге таянуу менен, лексиканы окутууну атайын иликтөөгө алган көлөмдүү илимий-методикалык эмгектердин жетишсиздигин жана бул багытта мындан ары да изилдөө иштерин жүргүзүү зарылдыгын белгилөөгө болот.

Колдонулган адабияттар

1. Кыргыз тилинин программасы. 5–9-класстар. Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн орто мектептер жана гимназиялар үчүн. – Бишкек, 2018. – 77 б.
2. Мусаева В. Мектепте лексиканы окутуу. – Бишкек : Мектеп, 1993.
3. Сартбаев К. К. Кыргыз тилин окутуунун методикасы. – Фрунзе, 1978. – 308 б.
4. Тагаева З. Мектеп курсунда лексиканы окутуу. – Ош, 2005.
5. Осмонкулов А. Орто мектептин 4-классында лексиканы окутуунун методикасы. – Фрунзе, 1984.
6. Усубалиев Б. Антонимдер жана аларды окутуу. – Фрунзе : Мектеп, 1987. – 144 б.
7. Эгембердиев Р. Фразеологияны XI класста окутуу : мугалимдер үчүн методикалык колдонмо. – Бишкек : Мектеп, 1992.
8. Сарымсакова Б. Кыргыз мектептеринин 5-классында лексиканы окутуу методикасы. – Бишкек, 2004.

Рецензент: филология илимдеринин кандидаты, доцент Тагаева З.Б.